# Тең байланыштагы татаал сүйлөм



**Мугалим: Рыскелдиева А.З.**

# Теӊ байланыштагы таатал сүйлөм

- Өз ара теӊ байланыштагы  2 же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөр интонациялык жана маанилик жактан   ажырагыс биримдикте айтылып, бир бүтүн ойду туюндурса, теӊ байланыштагы таатал сүйлөм деп аталат.
- Мисалы: Адам кулагынан жаңылат, тулпар туягынан жаңылат.
- Жакынына жат болбо, өз элиңе кас болбо.

# Тең байланыштагы таатал сүйлөмдөрдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланышуу жолдору жана түрлөрү

## Интонация аркылуу

- Эң жаш ата-эне 8 жана 9 жаштагы өспүрүмдөр болушкан, алар 1910-жылы Кытайда жашашкан.
- Статистика эсептегендей кичинекей бөбөктөр 3-4 жашында күнүгө 12000 сөз айтышат жана 900гө жакын суроо беришет.

## Байламаталар аркылуу

- Жана да, бирок, ал эми, анткени, же, же болбосо, ошондуктан, антсе да, ошол себептүү, ошондой болсо да, анткени менен ж.б.
- Апасынын курсагында 12 ай жаткан Жеки Чан , ошондуктан 5 килограмм салмакта төрөлгөн.
- Кореяда бала тогуз айга чыкканда эле жаш берип коюшат. Ошондуктан алар башка өлкөлөрдүн балдарынан дайыма бир жашка улуу.

# Тең байланыштагы татаал сүлөм мүнөзүнө карата бөлүнүшү

Тең байланыштагы таатал сүйлөм

- Байламтасыз тең байланыштагы таатал сүйлөм
  - Көпчүлүк акча топтоо үчүн ден соолугун жоготушат., кийин денсоолугун калыбына келтирүү үчүн акча коротушат.
- Байламталуу тең байланыштагы таатал сүйлөм
  - Кепшеп жаткан уй 1 мүнөттө жүзгө жакын кыймыл жасайт, ошон үчүн ага эч ким тең келе албайт.

# Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүлөм мүнөзүнө карата бөлүнүшү

Тең байланыштагы таатал сүйлөм

Байламтасыз тең байланыштагы таатал сүйлөм

Мазмун жактан тең мааниде колдонулуп, зат, окуя, кубулушту теңештирүү, салыштыруу, окшоштуруу максатында айтылат.

Байламтасыз тең байланыштагы таатал сүйлөмдөрдө баяндоочтун милдетин аз, көп, бар, жок деген сөздөр аткарган учурда салыштыруу, окшоштуруу ачык, даана берилет.

**Мисалы:**

**Жалкоонун сыркоосу көп**, жандеменин шылтоосу **көп**.

Иш көптө темир аз, уста көптө көмүр аз.

Оту бардын эти жок, эти бардын оту жок.

Түбөлүктүн түнү бар, күнү да бар.

# Байламтасыз мезгилдеш тең байланыштагы таатал сүйлөм

- Байламтасыз мезгилдеш тең байланыштагы таатал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бир мезгилде, же удаалаш ырааттуулукта болуп өткөн иш-аракетти, зат, окуяны билдирсе, байламтасыз мезгилдеш тең байланыштагы таатал сүйлөм  деп аталат.
- Мисалы:
- Мирбек, Азим, Кутман мектептен чыгышты, узута чыккан кишидей арт жагынан бир топ бала келе жатышат.(бир мезгилде)
- Акт залда оюн бүттү,  музыка өчүрүлдү,  келгендер үйлөрүнө кайтышты.(окуя удаалаш)
-

# Байламтасыз каршылаш тең байланыштагы таатал сүйлөм

- Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси боюнча бири-бирине карама-каршы айтылса, байламтасыз каршылаш тең байланыштагы таатал сүйлөм  деп аталат.(бар,жок, ашык, кем, аз ж.б. сөздөр да болот)
- Мисалы:
- Акылдуу акыл **берет**, өмүр **бербейт.**
- Акылдууну куру үмүт **жетелебейт**, билим **жетелейт.**

# Байламтасыз себеп-натыйжалаш тең байланыштагы таатал сүйлөм

- Байламтасыз тең байланыштагы таатал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр иш-аракетти, зат, окуянын бири-бирине карата себеп-натыйжаны билдирсе, байламтасыз себеп-натыйжалаш тең байланыштагы таатал сүйлөм  деп аталат.
- Мисалы:
- Коркуп сүйлөй албаган  Алия жашын төктү, Азамат күйпөлөктөп кетти.
- Амангелдинин сөзү ушунчалык кызыктуу болду,  эч ким уйкусу келген жок.
- Тышта  туман болду, бизге эч нерсе көрүнгөн жок.
-

# Байламтасыз чечмелеме тең байланыштагы таатал сүйлөм

- Байламтасыз тең байланыштагы таатал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири жалпыланган мааниде айтылып, ал чечмелеөөнү талап кылса, кийинки айтылган чүйлөмдөр маани-мазмунун толуктап турса, байламтасыз чечмелеме тең байланыштагы таатал сүйлөм деп аталат.
- Мисалы:
- Биздин тилеген тилегибиз эл үчүн: эл ата-бабанын салтын сактасын; бактылуу турмушка эмгек жеткирерин түшүнсүн;  адамадар бири-бирин сыйлоону түшүнсүн.
- Класстагы ар бир адамдын мүнөзү ар башка: бир жайдары күлүп турат; бири текенектей тикичийип турат,; бири араң эле сүйлөйт, бирин өз мойнунда отура берет.